**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**«26»-декабрь 2025-жыл**

**X чакырылыш
кезексиз XXI сессия**

**ТОКТОМ** **№9** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаардык кеңешинин 08.12.2025-жылдагы кезектеги XX сессиясынын №9 жана 24.10.2025-жылдагы кезексиз XVIII сессиясынын №2 токтомдоруна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Манас шаарынын мэриясынынын 24.12.2025-жылдагы чыг.№01-18/8230 жана чыг.№01-18/8248 сандуу каттары шаардык кеңештин курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Манас шаардык кеңешинин кезексиз XXI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаардык депутаттар кеңешинин 8-декабарь 2025-жылдагы кезектеги XX сессиясынын №9 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

2-пунктундагы “Жалал-Абад облустук стоматологиялык поликлинкасы” мекемесине оперативдүү башкарууга” деген сөздөрдү **“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин балансына”** – деген сөздөргө өзгөртүлсүн.

2. Манас шаардык депутаттар кеңешинин 24-октябрь 2025-жылдагы кезексиз XVIII сессиясынын №2 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1-пунктунун 7-абзацындагы “компенсация төлөө жолу менен” деген сөздөрдү “**алмашуу жолу менен**” деген сөздөргө өзгөртүлсүн.

Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин социалдык-укуктук маселелер, мыйзамдуулук, депутаттык этика, ишмердүүлүк, партиялар, коомдук уюмдар жана жаштар иштери, туризм, спорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**